БАНК КОМПАНЬОН

«Компаньон Банкы» ЖАК Башкармасынын
2023-жылдын 25-майындагы чечими менен
**БЕКИТИЛДИ**

2023-жылдын 09-июнунан тартып
**КҮЧҮНӨ КИРДИ**

# ДИСТАНЦИЯЛЫК БАНКИНГДИ КОШУУ ҮЧҮН ЖАРЫЯ ОФЕРТА ЖЕКЕ ЖАКТАР/ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАР ҮЧҮН

«Компаньон Банкы» ЖАКынын (мындан ары – Банк) сайтында https://www.kompanion.kg жарыяланган ушул оферта Банктын Дистанциялык банкингди кошууга жана пайдаланууга келишим түзүү сунушу болуп саналат.

Ушул Оферта жеке жана юридикалык жактарга даректелген жана Банктын Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын нормаларына ылайык Дистанциялык банкингди кошууга келишим (мындан ары – «Келишим», Келишимдин шарттары ушул Офертада жайгаштырылган) түзүүгө расмий жарыя сунушу болуп саналат.

Дистанциялык банкинг кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишими жеке жана юридикалык жактар тарабынан белгиленген формадагы арызга кол койгон учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет жана күчкө кирет, бул жеке жана юридикалык жактар тарабынан Офертанын бардык шарттарын кандайдыр бир алып коюуларсыз же чектөөлөрсүз, ошондой эле Офертага кошулуу түрүндө шартсыз кабыл алгандыгын билдирет.

## 1. КЕЛИШИМДЕ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Интернет-банкинг –** Кардар тарабынан Башкы макулдашуу боюнча Банктаачылган өзүнүн банктык эсебин/эсептерин дистанциялык башкаруусу. «Интернет- банкинг» системасын пайдалануу кардардын персоналдык компьютерин же ноутбугун жана башка түзүлүштөрүн пайдалануу менен Интернет тармагынын жалпы жеткиликтүү каналдары аркылуу ишке ашырылат. «Интернет-банкинг» системасына жеткиликтүүлүк бул дарек боюнча ишке ашырылат http://www.kompanion.kg/ https://online.kompanion.kg/login.

**Мобилдик банкинг** – Кардар тарабынан Башкы макулдашуу боюнча Банкта ачылган өз банктык эсебин/эсептерин дистанциялык башкаруусу. «Мобилдик банкинг» системасын пайдалануу Кардар Банка мобилдик телефондон жана/же планшеттен жана башка түзүлүштөрдөн мобилдик тиркемени пайдалануу менен жөнөтүлүүчү билдирүүлөр жана командалар аркылуу ишке ашырылат.

**OTP-TOKEN** (мындан ары текст боюнча – otp-token) – бул атайын түзүлүш, ал «Интернет-банкинг» системасына жеткиликтүүлүктүн бир жолку паролдорун (one-time password-OTP) ар бир кийинки болууда топтойт, ошондой эле Кардардын идентификациясын жана аутентификациясын камсыздайт.

**Электрондук төлөм документи** (мындан ары текст боюнча - ЭТД) – Кардардын Банкта ачылган банк эсеби боюнча банк операциясын жүргүзүү жөнүндө Банкка Кардардын электрондук колу пайдаланылуу менен түзүлгөн жана тийиштүү идентификациялык маалыматтар менен тастыкталган, Банкка электрондук ыкма менен берилүүчү дистанттык тескемеси жана/же тийиштүү билдирүүсү.

**Электрондук кол** – ЭТДга кошулган жана (же) аны менен логикалык байланышкан жана анын атынан ЭТДга кол коюлган адамды аныктоо үчүн пайдаланылуучу электрондук формадагы маалымат. Кардардын электрондук колу коюлган ЭТД Кардар өзү кол койгон кагаз алып жүрүүчүдөгү докумиентке теңдеш маанидеги электрондук документ деп таанылат.

## 2. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

2.1. Банк Интернет тармагына жана/же тийиштүү зарыл техникалык жабдууга жеткиликтүүлүгү бар Кардарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган тартипте жана шарттарда аманаттарды (депозиттерди) жайгаштыруу жана/же Кардарды кредиттөө жана/же Кардардын электрондук колу пайдаланылуу менен түзүлгөн тийиштүү келишимдердин шарттары менен каралган башка банк кызматтарын берүү үчүн анын негизинде эсеп/эсептер ачылган, Эсептин башкы келишиминде каралган шарттарда «Интернет-Банкинг», «Мобилдик банкинг» (мындан ары – дистанциялык банкинг системалары) системалары аркылуу Кардардын эсеби/эсептери боюнча банк операцияларын ишке ашыруу боюнча кызматтарды көрсөтөт.

2.2. Кардар берилүүчү кызматтарга Банктын операция жасалган учурга карата аракеттеги тарифтерине ылайык, ушул Келишимде каралган шарттарда акы төлөйт.

## 3. КАРДАРДЫ ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

3.1. Ушул Келишимдин алкагында Кардарга «http://www.kompanion.kg» сайтында жана/же Банктын тиешелүү мобилдик тиркемесинде көрсөтүлгөн тарифтерге ылайык кызматтар бериле алат.

Кызматтардын көрсөтүлгөн тизмеси биротоло болуп саналбайт жана Банк тарабынан http://www.kompanion.kg сайтында тийиштүү маалымат жайгаштырылуу менен бир тараптуу тартипте өзгөртүлө жана/же толуктала алат.

3.2. Кардарды «Интернет-Банкинг» системасын кошуу Банктын формасы боюнча «Интернет-Банкинг» системасына кошууга жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде жүргүзүлөт, анда Кардардын «Интернет-Банкинг» системасы аркылуу тейленүүгө кошулуучу эсеби/эсептери, Кардардын жооптуу кызматкерлеринин ролдор боюнча (аткаруучу, верификатор, контролер жана авторизатор) бөлүштүрүлүү менен тизмеси, көрсөтүлгөн адамдардын ыйгарымдарын тастыктоочу документтер, ошондой эле алардын өздүгүн аныктоочу документтер жана Банктын тандоосу боюнча башка маалыматтар да көрсөтүлөт.

3.3. Дистанциялык банкинг системасында тейлөө Кардарга Кардардын персоналдык

компьютеринин, планшетинин, мобилдүү телефонунун жана башка түзүлүштөрүнүн жардамы менен Интернет тармагы аркылуу алыстан берилет.

3.4. Кардар ушул Келишимди толтургандан, Банктан системага жеткиликтүүлүк үчүн идентификациялык маалыматтарды алгандан жана ал №1 тиркемеде турган жана ушул Келишимдин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналган Дистанциялык банкингден (Интернет-банкингден, Мобилдүү банкингден) пайдалануу эрежелери менен таанышкандан кийин дистанциялык банкинг системаларында тейленүү укугун алат.

3.5. Тараптар дистанциялык банкинг системаларына жеткиликтүүлүк алуу үчүн идентификациядык маалыматтар Кардардын электрондук колунунун аналогу болуп саналарын таанышат, ал Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) мыйзамдары менен жөнгө салынат. Ушул Келишимдин Тараптары дистанциялык банкинг системаларына жеткиликтүүлүк алуу үчүн идентификациялык маалыматтар Кардардын/ыйгарымдуу адамдардын колдорунун үлгүлөрүнүн жана Кардардын мөөрүнүн түшүрүлүшүнүн үлгүлөрдүн карточкасындагы өз колу менен койгон колго теңдеш мааниде экенин таанышат.

3.6. Коргоонун кошумча каражаты болуп кардар тарабынан берилген телефон номерине бир жолку паролдор же SMS жайылтуу/push маалымдоо же бармактын изи/face id жана аутентификациянын башка ыкмаларын пайдалануу саналат. Банкка берилген Кардардын телефон номерин пайдалануу менен тиешелүү мобилдик жабдууну пайдалануу учурларын кошпогондо, бир жолку паролсуз же Кардардын биометриялык маалыматтарысыз дистанциялык банкинг системасына кирүү мүмкүн эмес. Кардардын телефон номери дистанциялык банкинг системасынын кызматтарын кошууга арызда көрсөтүлөт.

3.7. Юридикалык жактар/жеке ишкерлер үчүн акча которууларды жана/же конверсиялык операцияларды ишке ашыруу мүмкүндүгү менен «Интернет-Банкинг» системасына кошулууга арыз берилген учурда otp-token сатып алуу зарыл.

3.8. Кардардын «Авторизатор» ролу менен жооптуу кызматкери кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча бардык жасалуучу операциялардытастыктоо үчүн otp-token алууга тийиш.

3.9. Кардардын жооптуу кызматкерине otp-token берилгенден тартып тийиштүү OTP менен тастыкталган жана «Интернет-Банкинг/Мобилдик банкинг» системасы боюнча алынган ар бир ЭТД Кардар тарабынан талаптагыдай түрдө жөнөтүлгөн болуп саналат жана Банк тарабынан ушул Келишимдин шарттарына ылайык аткарылууга жатат.

3.10. Тараптар Кардардын дистанциялык банкинг системасы аркылуу операция жүргүзүү жөнүндө ЭТДсы Кардардан КРнын мыйзамдарына ылайык тариздеген кагаз алып жүрүүчүдөгү тескемелерге теңдештирилет.

3.11. Кардардын дистанциялык банкинг системаларында операцияларды жүргүзүү жөнүндө тескемеси же арызы Кардар тарабынан системада тастыкталган ЭТД түрүндө электрондук ыкма менен берилет.

3.12. ЭТД Банк тарабынан Банктын сайтында жайгаштырылган Кызматтардын тизмесине жана дистанциялык банкинг системаларында тейлөө графигине ылайык аткарылат. Белгиленген убакыттан кийин түшкөн ЭТДны аткаруу кийинки операциялык күнү жүргүзүлөт.

3.13. Накталай эмес формада эсептешүү Кардар үчүн Банк тарабынан төлөм документин аткарууга алуу жөнүндө тастыктоону алуу учурунан кайра чакыртылгыс жана Кардардын эсебинен/эсептеринен каражаттарды чыгаруу учурунан – биротоло болуп калат.
3.14. Банк төмөнкү учурларда дистанциялык банкинг системасына жеткиликтүүлүктү токтото турат/токтотот:
3.14.1. дистанциялык банкинг системасы аркылуу тейлөөгө кошулган эсепти/эсептерди жабуу;
3.14.2. идентификациялык маалыматтарды (пайдалануучунун атын, паролду) катары менен 3 (үч) жолу ийгиликсиз киргизүүнү аткаруу;
3.14.3. Банктын кызматтарына акы төлөбөө;
3.14.4. дистанциялык банкинг системалары менен иштөөдө техникалык бузулуулардын келип чыгышы;
3.14.5. программалык камсыздоону алмаштыруу жана профилактикалык иштердижүргүзүү;
3.14.6. ушул Келишимди пайдалануу менен байланышкан талаш кырдаалдын келип чыгуусу;
3.14.7. КРнын мыйзамдарында каралган башка кырдаалдар.
3.15. Техникалык проблемаларды четтетүү мезгилинде Кардар банк операцияларын Банкка Кардар тарабынан кол коюлган кагаз алып жүрүүчүдө тариздельген төлөм документин берүү менен ишке ашырууга тийиш. Кардардын арыздарды жана даттанууларды берүү/кабыл алуу тартиби, аларды кароо жана чечүү шарттары КРнын мыйзамдарына ылайык аныкталат.
3.16. Кардарларды тейлөө үчүн телефон номери: 0312 33 88 00, 8800.
3.17. Алыстан/дистанциялык тейлөө аркылуу ишке ашырылуучу бардык төлөмдөр кызматтарды берүүчүнүн тиешелүү системасында өз ара эсептешүү аяктаган жана биротоло эсептешүү жүргүзүлгөн учурдан тастыкталган жана биротоло (шарттарсыз жана кайра чакыртылгыс) болуп эсептелет.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**4.1. Банк милдеттенет:**

4.1.1. Банктын тарифтерине ылайык, Кардар тарабынан тиешелүү комиссиялар төлөнгөндөн кийин, Кардардын Банктын формасы боюнча арызына ылайык, Кардарды дистанциялык банкинг системаларында каттоого;
4.1.2. Кардарды ушул Келишимде каралган тартипте дистанциялык банкинг системаларында тейлөөгө;
4.1.3. Кардардын эсептери боюнча жүргүзүлүүчү операциялар жөнүндө банктык сырды сактоого жана алар боюнча маалыматтарды КРнын мыйзамдары менен каралган учурларда гана берүүгө;
4.1.4. кардарды тийиштүү верификациялоодон (коддук сөз жана/же паспорттук маалыматтар ж.б.)кийин Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча же телефондук кайрылуусу боюнча Кардардын каттоо жазуусун токтоосуз блоктоого;

4.1.5. мүмкүн болуучу техникалык проблемаларды акылга сыюучу мөөнөттө четтетүү үчүн чараларды көрүүгө.

**4.2. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

4.2.1. дистанциялык банкинг системаларында операцияларды жасоо учурунда кызматтарды бергени үчүн Банктын комиссияларынын/сый акыларынын суммаларын Кардардын Банкта ачылган бардык эсептеринен акцептсиз (Кардардын макулдугусуз) эсептен чыгарууну, ошондой эле Кардардын эсебине/эсептерине акча каражаттарын жаңылыш которуулар фактысы аныкталган учурларда, ошондой эле КРнын мыйзамдары менен каралган башка учурларда, дистанциялык банкинг системаларында жаңылыш эсептелген суммаларды, Кардардын Банк алдындагы бардык карыздарынын суммаларын эсептен чыгарууну жүргүзүүгө;

4.2.2. Кардар тарабынан жасалуучу операциянын реквизиттери толук эмес/туура эмес көрсөтүлгөн, аны жасоо мөөнөттөрү бузулган, жасалуучу операциянын КРнын мыйзамдарына, анын ичинде терроризмди (экстремизмди) финансылоого каршы аракеттенүү жана кылмыштуу жол менен табылган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө КРнын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбеген учурда, Кардардын эсебинде/эсептеринде операцияны жасоо үчүн жана/же Банкка жасалган операция үчүн сый акы төлөө үчүн акча каражаттарынын жетишсиздиги учурларында, ошондой эле КРнын мыйзамдары менен каралган учурларда Кардарга дистанциялык банкинг системаларында операция жасоодон баш тартууга;

4.2.3. зарыл учурларда Кардардан операцияны жасоо үчүн Кардардын колу коюлганкагаз алып жүрүүчүдө документти тариздөөсүн талап кылууга. Мында Банк кагаз алып жүрүүчүдөгү документти алганга чейин электрондук документти аткарууну жүргүзбөйт;

4.2.4. төмөнкү учурларда дистанциялык банкинг системаларын же эсеп/эсептер боюнча бардык же айрым операцияларды жүргүзүүнү токтотууга/бөгөттөөгө:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Келишимде каралган учурларда, анын ичинде ушул Келишимдин талаптары аткарылбаган учурларда;
- алдамчылык же кылмыштуу операциялар ишке ашырылган же ишке ашырылгандыгына шек болгон учурда;
- Кардардын дистанциялык банкингсистемаларын пайдалануу менен Банкка акыркы кайрыл уусунан 3 (уч) айдан ашык убакыт өткөн учурда. Мындай учурда Кардардын дистанциялык банкинг системаларын пайдалануу мүмкүнчүлүгү Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде кайра улантыла;

4.2.5. дистанциялык банкинг системаларындагы операциялар боюнча жалпы лимиттерди белгилөөгө/өзгөртүүгө;

4.2.6. КРнын аракеттеги мыйзамдарында каралган учурларда Кардардан операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктоочу документтерди берүүнү талап кылууга;

4.2.7. КРнын мыйзамдарында каралган учурларда эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдөн бир тараптуу баш тартууга;

4.2.8. ушул Келишимдин шарттарын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө, мында Кардарды маалымдоо ыкмалары төмөнкүлөр боло алат: дистанциялык банкинг системаларында билдирүү же жазуу жүзүндөгү маалымдоону жөнөтүү жолу менен. Банк тарабынан офертанын шарттары өзгөртүлгөн учурда, өзгөртүүлөр, эгерде Банк тарабынан мындай жайгаштырууда башка мөөнөт көрсөтүлбөсө, офертанын өзгөртүлгөн шарттары төмөнкү сайта жайгаштыртырыган учурдан күчүнө кирет: https://www.kompanion.kg;
4.2.9. КРнын мыйзамдары менен каралган учурларда ушул Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга.

**4.3. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

4.3.1. өзүндө Интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу программалык-техникалык каражаттардын болушун камсыздоого;
4.3.2. Тиркеме №2де белгиленген дистанциялык банкинг системаларында иштөөдө Кардар үчүн Дистанциялык банкингди (Интернет-банкинг, Мобилдик банкинг) пайдалануу эрежелерин сактоого жана жетекчиликке алууга;
4.3.3. ЭТДны жөнөткөндөн кийин ЭТДнын Банк тарабынан алынган жана аткарылган фактысын текшерүүгө. Алынуу жана/же аткарылуу фактысы тастыкталбаганда - Банкка бул ЭТД алынбаган жана/же аткарылбаган себептерди аныктоо үчүн суроо-талап менен кайрылууга;
4.3.4. ЭТД менен алмашууда оң жана компьютердик вирустар жоктугуна текшерилген персоналдык компьютерде гана маалыматты иштетүү, сактоо жана коргоо системасын колдонууга;
4.3.5. идентификациялык маалыматтарды (пайдалануучунун ысымы, пароль) пайдаланууда конфиденциалдуулукту камсыздоого;
4.3.6. санкцияланбаган жеткиликтүүлүктү же санкцияланбаган жеткиликтүүлүккө аракетти аныктаганы жөнүндө, ошондой эле Кардардын идентификациялык идентификациялык маалыматтары жоголгон, уурдалган, номери өзгөртүлгөн/жоголгон учурлар жөнүндө токтоосуз Банкка билдирүүгө;
4.3.7. Банк тарабынан берилген кызматтарды мыйзамга каршы максаттарда, анын ичинде кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик жана экстремисттик ишмердүүлүктү финансылоого багытталган аракеттерди/операцияларды ишке ашырууга пайдаланбоого;
4.3.8. Банктын талабы боюнча 3 (үч) иш күнү аралыгында КРнын мыйзамдарынын талаптарына ылайык операциянын/операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктоочу документтерди берүүгө.

**4.4. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**

4.4.1. кызматтардан ушул Келишим менен каралган тартипте жана шарттарда пайдаланууга;
4.4.2. дистанциялык банкинг системаларына санкцияланбаган жеткиликтүүлүктү же

санкцияланбаган жеткиликтүүлүк аракетин аныктаган учурда Банкка Кардардын идентификациялык маалыматтарын (пайдалануучунун ысымы, паролу) блоктоо жөнүндө талап менен кайрылууга;

4.4.3. зарыл болгондо Банктан дистанциялык банкинг системалары боюнча жүргүзүлгөн банк операциялары боюнча төлөм тапшырыктарын аткаруунун кагаз алып жүрүүчүдөгү тастыкталуусун (мөөр менен күбөлүндүрүлгөн) жана керектүү мезгил үчүн эсеп/эсептер боюнча көчүрмөлөрдү алууга;

4.4.4. дистанциялык банкинг системаларынын иши боюнча Кардардын суроо-талабы боюнча Банктын адисинин Кардарга баруусу менен консультация берүү үчүн Банктын тарифтери менен бекитилген өлчөмдө акы алынат. Адисти чакыруу Кардардын жазуу жүзүндө таризделген жана электрондук почта, почта, факс же жеке өзү аркылуу берилген билдирме менен ишке ашырылат;

4.4.5. арыздын негизинде Банк тарабынан белгиленген жалпы лимиттердин чектеринде суткалык лимиттерди жана бир операцияга лимиттерди бекитүүгө;

4.4.6. идентификациялык маалыматтарды (пайдалануучунун ысымы, пароль) өзгөртүүгө.

## 5. КЫЗМАТТАРГА АКЫ ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

5.1. Ушул Келишимге кошумча макулдашуу менен башкасы каралбаса, Кардар Банктын кызматтарына Банктын аракеттери тарифтерине ылайык акы төлөөгө милдеттенет. Тарифтер операциялык залдардагы маалымат тактайчаларында жана Банктын сайтында жайгаштырылат.

5.2. Банк тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртө алат. Өзгөртүлгөн тарифтер операциялык залдарда маалымат тактайчаларына жана Банктын сайтында жайгаштырылуу же дистанциялык банкинг системаларында маалыматтык билдирүү мененкүчүнө кирүүдөн 30 (отуз) календардык күндөн кеч эмес Кардарга жеткирилет.

5.3. Ушул Келишим боюнча Банктын кызматтарына акы төлөө Кардардын бардык эсебинен/эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз эсептен чыгаруу жолу менен жүргүзүлөт. Кардардын операцияларын жүргүзүү үчүн кызматтарга акы төлөө үчүн Банктын тиешелүү валютаны сатып алуу курсу боюнча Кардардын эсептеринин каалаганынан акча каражаттарын пайдаланууга Банктын укугу бар.

## 6. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

6.1. Кардар дистанциялык банкинг системаларына жеткиликтүүлүк каражаттарынын (пайдалануучунун ысымы, пароль, OTP-token) сакталуусу жана конфиденциалдуулугунун камсыздалуусу үчүн, жеткиликтүүлүк каражаттарынын санкцияланбаган пайдаланылуусу үчүн, ошондой эле ушул Келишимдин шарттарын талаптагыдай аткарбагандык үчүн жоопкерчилик тартат.

6.2. Кардар төлөм аспаптарын пайдалануу боюнча эрежелерди жана төлөм документтерин КРнын мыйзамдарына ылайык тариздөө тартибин карманууу үчүн жоопкерчилик тартат.

6.3. Кардар белгиленген коопсуздук жана конфиденциалдуулук чараларын, ошондой эле Дистанциялык банкингди (Интернет-банкинг, Мобилдик банкинг) пайдалануу эрежелерин аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу үчүн тобокелдикти жана жоопкерчиликти тартат (Тиркеме №1).

6.3.1. Кардар телефон номерин жана/же идентификациялык маалыматтарын (пайдалануучунун ысымы, пароль) жоготкон учурдан дистанциялык банкинг системаларына жеткиликтүүлүктү блоктоо максатында Кардар Банкка кайрылган учурга чейинки мезгилде жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн жоопкерчилик тартат.

6.4. Тараптар жеңүүгө болбой турган күч шарттардын (форс-мажор) аракети аралыгына жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажордук шарттарга шылтаган Тарап экинчи Тарапты компетенттүү мамлекеттик орган тарабынан чыгарыллган тастыктоочу документти берүү менен, мындай шарттар башталган күндөн 10 (он) иш күнүнөн кеч эмес жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.

6.5. Банк төмөнкүлөргө жоопкерчилик тартпайт:

6.5.1. төмөнкүлөрдүн бузуктугу жана/же коопсуздугу үчүн: Кардардын жабдуусунун, программалык камсыздоосунун, байланыш каналындагы коммуникацияларынын, үчүнчү тараптан камсыздалуучу каражаттар жана кызматтар (Интернетке жеткиликтүүлүк провайдери ж.б.) үчүн;

6.5.2. белгиленген коопсуздук жана конфиденциалдуулук чараларын, ошондой эле Дистанциялык банкингден (Интернет-Банкинг, Мобилдик банкинг) пайдалануу эрежелерин Кардар тарабынан аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу үчүн (Тиркеме №1);

6.5.3. эгерде Кардардын эсебине камак коюлса же ал боюнча операциялар Кардар тарабынан ушул Келишим, Эсептин башкы келишими менен каралган тартипте жана/же КРнын мыйзамдарына ылайык токтотула турса, Кардардын дистанциялык банкинг системаларын пайдалануу менен көрсөтмөлөрүн аткарбоо үчүн;

6.5.4. эгерде ал маалымат Банк тарабынан Кардар арызда көрсөткөн электрондук дарекке жөнөтүлсө, ыйгарымдуу эмес адам тарабынан маалыматты алуу үчүн, ошондой эле Кардар тарабынан маалыматты алуу үчүн электрондук дарек Банкка маалымдалбастан өзгөртүлгөндүгү үчүн;

6.6. Ушул Келишим менен каралбаган башка бардык нерседе Тараптар Эсептин башкы келишимине жана КРнын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 7. КЕЛИШИМДИН АРАКЕТ МӨӨНӨТҮ

7.1. Ушул Келишим аны Кардар Банкка жазуу жүзүндө кайрылуу жолу менен бузганга, же Банк эсебинин башкы келишимин бузган датага чейин аракетте болот.

7.2. Тараптар ушул Келишим боюнча бардык милдеттенмелерди жана өз ара эсептешүүлөрдү милдеттүү аткаруу менен ал жөнүндө экинчи Тарапты аны бузуу датасына чейин 10 (он) иш күнүнөн кеч эмес жазуу жүзүндө маалымдоо менен бир тараптуу тартипте ушул Келишимди бузууга укуктуу.

## 8. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

8.1. Ушул Келишими боюнча келип чыккан бардык талаштар сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

8.2. Талаштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүү мүмкүн эмес учурда, талаштар КРнын мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 9. БАШКА ШАРТТАР

9.1. Тараптар эгерде ушул Келишимде көрсөтүлгөн даректер боюнча жөнөтүлсө, анда бардык билдирүүлөр, корреспонденциялар ж.б. жеткирилген болуп эсептелерин таанышат. Өзгөртүлгөн учурда – жазуу жүзүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн дарек боюнча.
9.2. Тараптар алар ушул Келишим боюнча пайдаланышып жаткан дистанциялык банкинг системаларын маалыматты иштеп чыгууда, сактоодо жана берүүдө ишенимдүү жана натыйжалуу ишти камсыздоо үчүн жетиштүү болуп саналат деп таанышат.
9.3. Тараптар пайдаланылып жаткан технологияны санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо үчүн, ошондой эле ЭТДнын аныктыгын тастыктоо үчүн жетиштүү деп таанышат.
9.4. Тараптар идентификациялык маалыматтар же жеткиликтүүлүк түзүлүштөрү жоготулганда, уурдалганда, үчүнчү жактарга берилгенде, системага санкцияланбаган жеткиликтүүлүк үчүн бардык жоопкерчилик Кардарда жатат деп таанышат.
Ушул Келишим менен каралбаган бардык башкада Тараптар Эсептин башкы келишимин жана/же КРнын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.

## 10. БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ

**«Компаньон Банкы» ЖАКы**
**Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы**
**Бишкек ш., Шота Руставели көч., 62**
**БИК: 113001**
**ОКПО: 23672096**
**ИНН: 01210200410119**

**Тиркеме №1 Жеке жактар/юридикалык жактар үчүн дистанциялык банкингге кошулууга келишимге - жарыя оферта**

# ДИСТАНЦИЯЛЫК БАНКИНГДЕН (ИНТЕРНЕТ-БАНКИНГ, МОБИЛДИК БАНКИНГ) ПАЙДАЛАНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**Жеке жактар/юридикалык жактар үчүн**

## 1. Иштөөдөгү талаптар:

1.1. дистанциялык банкинг системаларында иштөө үчүн Кардардын иш орунуна, OTP каражаттарына же Кардардын коопсуздук сертификаттарына, Кардардын иш орунунун турушуна, операциялык системасынын сертификаттарына логиндерге жана паролдорго карата конфиденциалдуулук режимин камсыздоо;

1.2. дистанциялык банкинг системаларында иштөөнү аяктагандан кийин «Чыгуу» программалык кнопкасын пайдалануу менен ишти туура аяктоо;

1.3. дистанциялык банкинг системаларында иштөө үчүн Кардардын иш орунунун операциялык системасында маалыматтын алынуучу алып жүрүүчүлөрүн автокиргизүү функциясын өчүрүү;

1.4. дистанциялык банкинг системаларында иштөө үчүн Кардардын иш орунун Интернет тармагына дистанциялык банкинг системалары менен иштөө убагында гана кошуу;

1.5. жеке кабинетке кирүү алдында https протоколу боюнча корголгон кошуу Банктын расмий сайты (https://kompanion.kg) тарабынан орнотулганына ынануу;

1.6. системаны пайдалануучуларда иш орунунда пароль менен корголгон эсепке алуу жазуусу бардыгын камсыздоо;

1.7. паролду компьютерде, же башка маалымат алып жүрүүчүлөрдө тексттик файлдарда сактабоо;

1.8. эч качан кандай болгондо да, эч кимге паролду билдирбе – ал Банктын кызматкерлерине жана сиздин кошулушуңуз, тейленүүңүз жана сервисти ишке жөндөмдүү абалда колдоп туруу үчүн техникалык колдоо кызматына талап кылынбайт;

1.9. Кардардын иш орунун Интернет тармагындагы социалдык тармактарга, форумдарга, конференцияларга, чаттарга, телефон сервистерине жана потенциалдуу зыяндуу программаларды камтыган башка сайттарга кошулуу үчүн, ошондой эле почтаны окуу жана ишенимге татыбаган адресаттардан почта документтерин ачуу үчүн пайдаланбоо;

1.10. Банктын кызматкерлерин кошо алганда (анын ичинде аныкталбаган адамдардын Банктын атынан телефон, электрондук почта боюнча, SMS аркылуу кайрылуусунда да), үчүнчү адамдарга логиндерди жана паролдорду ачыктабоо;

1.11. тексттик файлдардагы логиндерди жана паролдорду Кардардын иш орунундагы катуу дискте, же башка маалыматты электрондук алып жүрүүчүлөрдө сактабоо.

## 2. Иштөөдөгү рекомендациялар:

2.1. дистанциялык банкинг системаларында иштөө үчүн Кардар тарабынан бөлүнгөн, Кардар тарабынан башка максаттарда пайдалануу үчүн пайдаланылбоочу иш орунун пайдалануу;
2.2. Кардардын иш орунунда конфиденциялык маалыматка жеткиликтүүлүктү алууга мүмкүндүк берүүчү андагы аныкталган начар жерлерин четтетүү максатында лицензиялык (контрафакттык эмес) Microsoft Windows XP/2003/Vista/7, Apple Macintosh Mac OS X же эскирээк, Linux, Android, iOS операциялык системасынын жана анын заманбап жаңылануусунун иштөөсүн камсыздоо;
2.3. Кардардын дистанциялык банкинг системаларына ыйгарымдуу эмес үчүнчү жактардын жеткиликтүүлүгүн берүүгө жөндөмдүү зыяндуу программалык камсыздоо менен жугузууну болтурбоо максатында Кардардын иш орунунда лицензиялык (контрафакттык эмес) антивирустук программалык камсыздоонун жана анын өз убагында жаңылануусунун иштөөсүн камсыздоо;
2.4. Кардардын иш орунунда Интернет тармагынан жана Кардардын локалдык тармагынан санкцияланбаган алыстан жеткиликтүүлүктү блоктоо режиминде лицензиялык (контрафакттык эмес) «брандмауэр (firewall)» программалык камсыздоосунун иштөөсүн камсыздоо;
2.5. Кардардын иш орунуна/анда OTP пайдаланылуучу Кардардын иш орунуна жеткиликтүүлүктү чектөө жана Кардардын иш орунунун операциялык системасынын конфигурациясын өзгөртүү үчүн минималдуу укуктардын болушун (администратордун укуктарынын болушу каалагандай эмес) камсыздоо;
2.6. ишенимге татыбаган жерлерден (интернет-кафе) кошулуу булагын пайдалануу, же байланыштын коомдук каналдарын (акысыз Wi-Fi ж.б.) пайдалануу менен Интернет тармагындагы дистанциялык банкинг системаларында иштебөө;
2.7. Банктын дистанциялык банкинг системаларында кошулууну орнотуу же дистанциялык банкинг системаларында иштөө убагында, дистанциялык банкингдин ишинин тууралыгына ар кандай күмөн саноо келип чыкканда санкцияланбаган операциялардын жоктугун/болушун аныктоо максатында дароо ишти токтотуу жана программалык камсыздоонун бардык өзгөрүүлөрүнө жана каталарына көңүл буруу;
2.8. https://www.online.kompanion.kg / Банктын расмий сайтына шилтеме боюнча (www.kompanion.kg) гана өтүү;
2.9. PlayMarket же AppStore гана мобилдик тиркемени жүктөп алууну ишке ашыруу;
2.10. дистанциялык банкинг системаларына кошулууда браузердин башка сайтка кайра багыттоо жөнүндө эскертүүлөрү көрүнгөн учурда, операцияларды жасоону калтыра туруу жана кайра багыттоонун себебин аныктоо максатында Банктын техникалык колдоо кызматына кайрылуу;
2.11. дистанциялык банкинг системаларында паролду билүүгө ар кандай аракеттер жөнүндө Банктын ыйгарымдуу кызматкерлерине билдирүү;
2.12. каталарга же эсеп боюнча авторлоштурулбаган операцияларга көз салуу үчүн операциялардын жана көчүрмөлөрдүн таржымалын үзгүлтүксүз текшерүү;

2.13. персоналдык компьютер жана/же башка бардык жабдуу кыска мөөнөткө кароосуз калтырылса да, электрондук операциялар жүргүзүлүп жаткан сайттан чыгуу;

2.14. электрондук операциялар жүргүзүлгөндөн кийин системадан чыгуу; ар кандай онлайн операцияларды ишке ашыруу же жеке маалыматты берүү алдында туура веб-баракча же дистанциялык банкинг системаларынын тиркемеси пайдалангандыгына ынанууга тийиш. Алдамчылык максатында түзүлгөн жасалма веб-баракчалардан, мобилдик тиркемелерден сактануу зарыл;

2.15. системага кирүү алдында Ресурстардын Унификацияланган Көрсөткүчтөрүнүн (URL) болушун текшерүү менен веб-баракчанын коопсуздугуна ынануу керек, алар «https» башталууга тийиш, а интернет-браузердин статусунда корголгон кошулуунун белгиси пайда болууга тийиш;

2.16. Кардар тарабынан жогоруда саналган талаптардын жана рекомендациялардын аткарылбаганы дистанциялык банкинг системалары аркылуу талашылып жаткан операциялар үчүн жоопкерчиликти Кардарга жүктөө үчүн негиз болуп саналмакчы.